# КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН БАКАЛАВРИАТ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ДИПЛОМДУК ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

**Максаты**

**1-берене.** Бул жобонун максаты – Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин бакалавриат программаларын бүтүрүп жаткан студенттердин дипломдук иш жазуу жана жактоо жол-жоболорун жөнгө салуу.

**Мазмуну**

**2-берене.** Бул жобонун мазмуну Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин бакалавриат программаларын бүтүрүп жаткан студенттердин дипломдук иш жазуу жана жактоо жол-жоболорун камтыйт.

**Укуктук негиздеме**

**3-берене.** Бул жобо Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин «Бакалавр жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча окуу-тарбия иштерин жүргүзүү боюнча нускамасынын» 17-беренеси менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Дипломдук ишти коргоо жөнүндө» мыйзамынын негизинде даярдалды.

**Аныктамалар**

**4-берене.** Бул жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

- **Университет:** Кыргыз-Түрк «Манас» университети;
- **Окумуштуулар кеңеши:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңеши;
- **Ректорат**: Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректораты;
- **Ректор**: Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору;
- **Факультет:** Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин факультеттери;
- **Декан:** Факультеттин деканы;
- **Бөлүм:** Факультетке караштуу бөлүм;
- **Дипломдук иш**: Бакалавр даражасын алуу үчүн жазылган дипломдук иш;
- **Дипломдук иштин жетекчиси:** Сабак бөлүштүрүү учурунда түзүмдүн Академиялык кеңеши тарабынан студенттин дипломдук ишине жетекчилик кылуу үчүн дайындалган окутуучу.

**Дипломдук ишти аткарууда илимий жетекчини дайындоо**

**5-берене. (1)** Бакалавриат программасынын акыркы эки семестринде университетти бүтүрө турган студенттер үчүн илимий жетекчи сабактарды бөлүштүрүү тартибине ылайык күзгү семестрде дайындалат.

**(2)** Илимий жетекчи түзүмдүн штаттык профессордук-окутуучулук курамынын (эгер болсо, профессор, доцент, доценттин милдетин аткаруучу) ичинен дайындалат. Зарыл болгон учурда, жүктөлгөн апталык окуу жүгүн аткарган жарым ставкада иштеген окутуучу да илимий жетекчи боло алат.

**(3)** Окутуучу бир эле учурда эң көп беш студентке илимий жетекчилик кыла алат, бирок зарыл болсо бештен ашык студентке илимий жетекчилик кылышы мүмкүн. Бештен ашык студенттин окуу жүгү эсептелбейт.

**(4)** Көйгөйлүү жагдайларда гана илимий жетекчи алмаштырылат.

**Дипломдук иштин темасынын аныкталышы**

**6-берене. (1)** Илимий жетекчи студент менен биргеликте дипломдук иштин темасын тандап, сабактарды кошуу-алуу мөөнөтүнөн кийин эки апта ичинде жазуу жүзүндө төрт тилде (кыргызча, түркчө, орусча жана англисче) бөлүм башчылыгына билдирет.

**(2)** Дипломдук ишинин темасы жана илимий жетекчиси белгилүү болгон студенттердин тизмеси бөлүм башчылыгы тарабынан сабактарды кошуу-алуу мөөнөтүнөн кийин үч апта ичинде деканатка билдирилет.

**(3)** Деканат бардык бөлүмдөрдүн дипломдук иш темаларын сабактарды кошуу-алуу мөөнөтүнөн кийин төрт апта ичинде түзүмдүн башкаруу кеңешинин чечими менен ректоратка билдирет.

**(4)** Студенттик иштер башкармалыгы дипломдук иш жазып жаткан студенттерди DABİS маалымат системасындагы илимий жетекчилердин баракчаларына каттайт.

**Дипломдук иштин план-проспектин даярдоо**

**7-берене. (1)** Дипломдук иштин темасы белгилүү болгон студент илимий жетекчиси менен биргеликте дипломдук иштин план-проспектин жана иштөө календарын түзөт жана бөлүм башчылыгына жиберет.

**(2)** Студент дипломдук иштин темасы белгиленген семестр бүткөнчө илимий жетекчисинин макулдугу менен дипломдук ишти аткаруу боюнча жасалган бардык ишин камтыган отчёт даярдайт жана бөлүм башчылыгына тапшырат.

**Дипломдук иш жазуу эрежелери**

**8-берене. (1)** Табигый илимдер багытында билим алып жаткан студенттердин дипломдук иши «Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Табигый илимдер институтунун магистратура жана докторантура диссертацияларын жазуу колдонмосуна» ылайык жазылат.

**(2)** Коомдук илимдер багытында билим алып жаткан студенттердин дипломдук иши Коомдук илимдер институтунун «ЖОЖдон кийинки билим алууда диссертация жазуу колдонмосуна» ылайык жазылат.

**Илимий жетекчинин отчёту**

**9-берене.** Илимий жетекчи экинчи семестрдин аягына эки жума калганга чейин дипломдук иш жана аны жактоого даярдык тууралуу отчёт даярдайт жана бөлүм башчылыгына тапшырат.

**Дипломдук ишти алдын-ала жактоо**

**10-берене. (1)** Илимий жетекчи отчётунда дипломдук ишти жактоого даяр деген студент мамлекеттик сынактан эки апта мурун, бөлүм башчысы белгилеген датада бөлүмдүн профессордук-окутуучулук курамынын катышуусу менен дипломдук ишти алдын ала коргойт.

**(2)** Студент илимий жетекчинин көзөмөлү менен алдын ала коргоодо аныкталган кемчиликтерди жоёт. Бөлүм башчылыгы дипломдук ишин жактай турган студенттердин тизмесин мамлекеттик сынактын датасынан мурун жарыялайт.

**Дипломдук ишти жактоо үчүн коюлган талаптар**

**11-берене.** Дипломдук ишти жактай турган студент төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

**a)** Билим алып жаткан түзүмдүн окуу программасындагы бардык сабактарды ийгиликтүү тапшыруу;

**b)** Семестрдик жыйынтыктоочу баа кеминде 2.00 болушу керек;

**с)** Мамлекеттик сынактан өтүү.

**Дипломдук ишти жактоо**

**12-берене. (1)** Дипломдук ишти жактоо жери, күнү жана убактысы академиялык календарга ылайык бөлүм башчысы тарабынан белгиленет жана студентке 10 күн мурун маалымат берилет.

**(2)** Дипломдук ишти жактоо сынагы «Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин бакалавр жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча билим алган студенттердин окуу-өндүрүштүк практика боюнча нускамасынын» 36-беренесинде камтылган жоболорго ылайык мамлекеттик сынак комиссиясы тарабынан ишке ашырылат.

**Күчүнө кириши**

**13-берене.** Бул жобо Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет. Анын күчүнө кириши менен Окумуштуулар кеңешинин 2013-жылдын 19-мартындагы №2013-03.030 чечими менен кабыл алынган "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин дипломдук иш жазуу жөнүндө жобосу" жана ал жобонун тиркемелери жокко чыгарылат.

**Ишке ашырылышы**

**14-берене.** Бул жобо Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору тарабынан ишке ашырылат.

*Бул жобо, Университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 7-декабрындагы №2023-15.77(с) чечими менен кабыл алынган.*